**Шейх Жасим Мухаммад Мутавванын**
**«Ыйман тууралуу маектер» деген китебинен алынды.**

# Динар менен болгон маек



Бир күнү жашы улгайган, кийимдери жыртылган бир жакыр кишини көрдүм. Андан ачкалык менен чаңкагандын белгиси көрүнүп турат эле. Ал киши банктын босогосунда чалкалап терең уйкуда жатты. Күндүн нурлары ал кишиге акырындап жакындап отуруп , көкүрөгүнө жетти. Бирок ал, күндүн ысыктыгын сезген да жок. Мен болсо, анын алдына келдим да аны карап туруп, ойго баттым. Анан ичимден ойлонуп өзүмчө минтип айттым : «Оо кудуреттүү Аллах , мынабу жакыр менен мүлк казынасынын аралыгы болгону бир нече гана метр. Аттиң , Аллахга касам, чындыгында биз таптакыр карама каршылык дүйнөсүндө жашап жатабыз го!»

Андан соң ошол жакырга садага берейин деген ниетте колумду

чөнтөгүмө салдым. Бири маалда чөнтөгүмдүн ичинде бир нерсенин кыймылдаганын сездим да, аны кармап сыртка колумду чыгардым. Анан аны көрөөрүм менен аябай таң калдым. Анткени ал кадимки эле динар болчу.

**Мен ага кайрылып:** Эй динар , эмне үчүн сен чөнтөгүмдө кыймылдап жатасың?- дедим.

**Динар:** менин сенин чөнтөгүңдө жүргөнүмө көптөгөн убакыт өттү. Бирок сен мени, максатыма ылайык жумшабадың.-деди.

**Мен :** Сенин максатың эмне эле?

**Динар:** Ал максат-мени үй бүлөңө, ата энеңе, өзүңдүн жана башка мусулмандардын муктаждыктарына , кедей кембагал ,жетимдерге жана мындан башка жакшы иштерге жумшооң болчу.

**Мен:** Эй динар айтчы ,а сен мага кантип келип калдың?

**Динар:** Бул тууралуу менин аңгемем узун! Чынында мен көптөгөн колдордон өттүм. Алгачкы киши мени менен арак сатып алды. Экинчиси болсо адепсиз маанидеги фильм сатып алды. А үчүнчүсү, мени бирөөгө пара катары берди. Төртүнчүсү болсо, мени менен сенден буюм сатып алды. Мына ошентип мен сага жетип келдим. Ошолордун бардыгы мал дүнүйөгө кулчулук кылгандар эле. Бирок сен тууралуу азырынча эч нерсе биле элекмин.

**Мен:** А сен алардын мал дүнүйөгө кулчулук кылгандыктарын кайдан билдиң?

**Динар:** Мага кылган мамилелеринен билдим. Анткени алар мени Аллах Таала жолунда сарпташкан эмес. Ошондуктан Хасан Басрий минтип айткан экен : « Ар коомдун сыйына турган буту болот , бул коомдун сыйынган буту болсо, динар менен дирхам.»

Эми сен да эй курбум, мени жакшылыктарга сарптабасаң, өз атым менен сени өрттөп салам!

**Мен таң калып :** Эмне дейсиң?! Мени өрттөйм дейсиңби?! Кантип ?!

**Динар:** Менин атымдын алгачкы бөлүгү «дин» (дин) Мунун себеби, диндин сенин мойнуңдагы укуктарын эстеп туруuң үчүн. Ал эми экинчи бөлүгү болсо, «наар» (от, тозок) Мунун себеби , эгер мени жакшылыкка сарптабай жашырып койсоң же арам иштерге жумшасаң сени күйгүзүп, өрттөө үчүн.

Аллах Таала өз сөзүндө мындай деген : «Алтын күмүштү жыйнап, аны Аллах жолунда сарптабагандарга сыздатуучу азапты сүйүнчүлө! Кыямат күнү алар тозок отунда кызытылып, аны менен алардын маңдайлары , капталдары жана жондоруна так басылып: Мына , өзүңөр үчүн жыйнаганыңар! Эми жыйнаганыңардын даамын таткыла! (деп айтылат)» (Тooба:34;35)

**Мен ага:** Сен өтө маанилүү турбайсыңбы, эй динар!

**Динар :** Ооба , мен өтө маанилүүмүн. Андыктан мага жакшы мамиле кыл. Мен себептүү Аллах Тааланын азабына дуушар болуп калба. Сага чейинкилерди карачы, күнөө эгип сооп үмүт кылышканын! Тикенден да

жүзүм жыйнайбы?!

Алардын жолуна түшүп калуудан этият бол. Эми мени алдыңда жаткан бул жакырга бергин. Аллах Таала буюрса, кыямат күнүндө буга сен үчүн күбө болом.

Анан мындан кийин ар дайым сенде Уяйна уулунун сезиминдей сезим болсун.

**Мен :** Уяйна уулунун сезими кандай эле? Уяйна уулу өзү ким болгон?

**Динар:** Ал таабиъиндердин (сахабалардан кийинки муун) бири болгон. Анын аты Уяйна уулу Суфян болгон. Ал тарыхта кайыр садаканы көп кылган белгилүү инсан болгон. Анын жолдошторунан бири ал тууралуу минтип айтат:

***«Бир күнү Уяйна уулу Суфян менен бирге жолдо кетип баратат элем. Бир маалда алдыбыздан бир тилемчи чыкты. Ошондо жанында тилемчиге берүү үчүн эч нерсе таппаган Уяйнанын уулу буга кейип, ыйлап жиберди.***

***Мен ага: Эй Мухаммаддын атасы , эмнеге ыйлап жатасың?- дедим.***

***Анда ал: Бир адам экинчи бирөөдөн бир нерсе үмүт кылып келсе , анан ал үмүт кылганын бере албаса , ушундан да өткөн кайгы барбы?! –деп жооп берди.»***

**Мен :** Оо Аллах ! бул кандай назик сезим!

**Динар:** Ооба, сен да ушундай бол! Өмүрүңдүн убактыларын туура пайдалан. Аллах Таала сообуңду эселеп берүүсү үчүн жаштыгыңды текке

кетирбе!

**Мен:** Айтчы, жаштык кезде садака берген менен, карыганда садака бергендин айырмасы барбы?

**Динар:** Ооба, бир күнү бир киши Пайгамбар алейхис саламга келип, минтип сураптыр: Оо Аллахтын элчиси, кайсы садаканын сообу улуураак ?

Анда Пайгамбар: Сенин ден соолугуң чың болуп , кедейликтен коркуп сараңдык кылып турган убактыңда кылган садагаң .»- деп жооп берген экен.

Мындагы чың ден соолук менен сараңдык дегендин маанисин тактап айтканда, адатта ден соолугу чың болгон киши мал мүлккө сараң же бакыл болот. Анткени , мал мүлк анын жүрөгүнө таасир калтырып, аны өз колунда калуусун үмүттөнүп, кедейликтен сактанат.

Батталдын уулу минтип айтат: «Сараңдык көбүнчө ден соолуктун чың болуп турган убактысында болгондугу үчүн, ошондой абалда садака берүү ниеттин тууралыгын көрсөтөт жана сообу да улуу болот. Ал эми , жашоодон үмүтүн үзүп, мал мүлктүн башка кишилерге ооп кетишин билип турган кишинин берген садакасы болсо, мунун тескерисинче.»

**Мен :** Аллахка касам, чындыгында сен мага мен үчүн жабык болгон сырдуу эшиктерди ачып бердиң. Сенден Аллах ыраазы болсун!

Мен кайра сөзүмдү улап динарга минтип айттым : Бирок айтчы, сен бул дүйнөдө өзүңдү азгырык сыноомун деп эсептейсиңби?

**Динар:** Албетте, мен азгырык сыноомун. Канча деген аалымдар, канча деген такыбалар мага азгырылган. Канча деген , канча деген ...

Алардын бардыгы динар менен дирхамга жыгылышкан. Кээде байкасаң кээ бир динди бекем карманган адамдар да, динардын жалтыраганын же дирхамдын үнүн укканда кармана албайт.

**Мен:** Бул кандайча, сен өзүң аларды динди бекем карманган деп жатпайсыңбы?

**Динар:** Эй курбум, бул деген , - азгырык сыноо. Сен андайды балким көрө элексиң. Акындын мынабу сөзүн укчу, ал бул тууралуу минтип сыпаттап айтат:

***Томугунан жогору шымы болсо ,***

***Кийими жамаачыга толгон болсо,***

***Такыба деп, азгырылып суктанбагын,***

***Бешенеси сеждеден картка толсо,***

***Көздөрүнө көрсөтсөң дирхамдарды***

***Билесиң такыба же дүнүйөкорбу?!***

**Мен :** Туура айтасың ,эй динар. Аллах Тааладан мени эч нерсеге муктаж кылбоосун жана азгырыкка берилбей турган кылуусун сурайм.

**Динар:** Ал эми азыр , Аллах Тааланын сүйүүсүнө татыктуу болууң үчүн , Аллах Тааланын сага боло турган каарын өчүрүүгө мен себеп болуум үчүн , ошондой эле кылган сооптуу ишиңе Аллах Таала сыйлык берүүсү үчүн , мени бул жакырга садака кылып бер.

**Мен :** Ооба , жакшы болот.-дедим.

Андан соң , баягы жакырдын жанына жакын келип отуруп, колумду көкүрөгүнө коюп : Эй баланчы , эй баланчы –деп ойготтум. Ал чочуп турду да көзүн ачты.

**Мен ага :** коркпо, мен кайрымдуулук кылган бир кишимин. Мынабу динарды ал да турмушуңдагы бир муктаждыгыңа пайдалан.-дедим.

Ал киши ордунан турду да , динарды алуудан баш тартып: Мен тилемчи эмесмин-деди.

**Мен ага :** Ооба , мен билемин, бирок сен азыр акчага муктажсың - деп, динарды ага сундум.

Анан ал киши менден динарды алып: Аллах Таала сага жакшы сыйлыгын берсин!-деп төмөнкү ыр саптарын айтып ырдады:

**Мал мүлктү өзүң үчүн азык кылгын,**

**Сообу акыретке кала турган.**

**Бул дүйнө көпүрө, бар болгону,**

**Түбөлүктүү акыретке бара турган.**

**Чыныгы соодагердин кирешеси ,**

**Пайдалары, сооптон таба турган .**

Которгон: Касым Сыдыков